УДК: 378.014.15
DOI 10.33514/1694-7851-2025-4/2-525-530

**Сыдыкова Т.К.**
филология илимдеринин доктору, профессор
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
tsydykova64@mail.ru
**Жумалиев С.С.**
филология илимдеринин доктору, профессор
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.

# МАМЛЕКЕТТИК ТИЛ ЖАНА МАДАНИЯТ ИНСТИТУТУ, АНДАГЫ ЖЕТИШКЕНДИКТЕР (И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КМУНУН 80 ЖЫЛДЫГЫНА КАРАТА)

**Аннотация.** Макалада И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин түптөлүшү, андагы өнүгүү жолдору, этаптары жана ошону маенен бирге университетке караштуу Мамлекеттик тил жана маданият институнун ачылышы, андагы окутуучу-профессорлор, алардын илимий изилдөөлөрү, илимий-теориялык концепциялары жөнүндө сөз кылабыз.

Мамлекеттик тил жана маданият институту 2000-жылдын 20-сентябрындагы Кыргыз Республикасынын Президентинин Указы, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2001-жылдын 9-июлундагы №326 Токтомунун негизинде И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик педагогикалык университетинин филология факультетинин базасында түзүлгөн. Мамлекеттик тил жана маданият институтунун Уставы түзүлүп, ал жаңыртылып, кайрадан каттоодон (Гпр №0080645 11.09.2007) өткөн. Институттун укуктук-формасы-мекеме, менчик формасы – мамлекеттик. Мамлекеттик каттоо күбөлүгү 2001-жылдын 15-майындагы № 15369-3301 У-е, коду ОКПО 22717626, ГР №016951 сериясы менен алынган.

**Негизги сөздөр:** Училища, педагогикалык, институт, университет, мамлекеттик тил, маданият, окуу жай, профессор, филология илимдеринин доктору, изилдөө, илимий-теориялык концепция.

**Сыдыкова Т.К.**
доктор филологических наук, профессор
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
tsydykova64@mail.ru
**Жумалиев С.С.**
доктор филологических наук, профессор
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек

# ГОСУДАРСТВЕННЫЙ ИНСТИТУТ ЯЗЫКА И КУЛЬТУРЫ, ЕГО ДОСТИЖЕНИЯ (К 80-ЛЕТИЮ КГУ ИМЕНИ И. АРАБАЕВА)

**Аннотация.** В статье рассматривается создание Кыргызского государственного университета имени И. Арабаева, пути его развития, этапы, а также открытие при нём Государственного института языка и культуры, его преподавательский состав, их научные исследования и научно-теоретические концепции.

Государственный институт языка и культуры был создан на базе филологического факультета Кыргызского государственного педагогического университета имени И. Арабаева на основании Указа Президента Кыргызской Республики от 20 сентября 2000 года и Постановления Правительства Кыргызской Республики от 9 июля 2001 года № 326. Устав Государственного института языка и культуры был разработан, актуализирован и перерегистрирован (Пр № 0080645 от 11.09.2007). Организационно-правовая форма института – учреждение, форма собственности – государственная. Свидетельство о государственной регистрации № 15369-3301 У-э от 15 мая 2001 г., код ОКПО 22717626, серия ГР № 016951.

**Ключевые слова:** Училища, педагогический, институт, университет, государственный язык, культура, учебное заведение, профессор, доктор филологических наук, исследование, научно-теоретическая концепция.

**T.K. Sydykova**
Doctor of Philology, Professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
tsydykova64@mail.ru
**S.S. Zhumaliev**
Doctor of Philological Sciences, Professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.

## STATE INSTITUTE OF LANGUAGE AND CULTURE, ITS ACHIEVEMENTS (TO THE 80TH ANNIVERSARY OF KSU NAMED AFTER I. ARABAEV)

**Abstract.** This article examines the establishment of the I. Arabaev Kyrgyz State University, its development paths, stages, as well as the opening of the State Institute of Language and Culture, its faculty, research, and theoretical concepts.

The State Institute of Language and Culture was established on the basis of the Faculty of Philology of the I. Arabaev Kyrgyz State Pedagogical University by the Decree of the President of the Kyrgyz Republic dated September 20, 2000, and Resolution No. 326 of the Government of the Kyrgyz Republic dated July 9, 2001. The Charter of the State Institute of Language and Culture was developed, updated, and re-registered (Regulation No. 0080645 dated September 11, 2007). The legal form of the institute is institution, and its form of ownership is state-owned. Certificate of state registration No. 15369-3301 U-e dated May 15, 2001, OKPO code 22717626, series GR No. 016951.

**Key words:** Schools, pedagogical, institute, university, state language, culture, educational institution, professor, doctor of philological sciences, research, scientific and theoretical concept.

**Киришүү**. Учурда өлкөбүздөгү 10 алдыңкы жогорку окуу жайдын катарына кирген И. Арабаев атындагы университетибиздин *80* жылдык юбилейди белгилөө алдында турабыз.

**Макаланын изилдөө объектиси** – И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин түптөлүшү, өнүгүшү жана мамлекеттик тил жана маданият институту, анын жетишкендиктери.

**Негизги бөлүм.** 80 жыл, айтканга оңой, бирок анын басып өткөн жолу, этаптары ошол 80 жылдын ичине камтылат:

- 1945-жылы – Кыз-келиндер педагогикалык училищеси болуп түзүлгөн;
- 1950-жылы – Кыз-келиндер мугалимдер институту болуп өзгөртүлгөн;
- 1952-жылы – Кыргыз кыз-келинлер педагогикалык інститути түзүлүп, 1953-жылы В.В. Маяковскийдин ысымы ыйгарылган;
- 1992-жылы – В.В. Маяковский атындагы Кыргыз мамлекеттик педагогикалык институту;
- 1992-жылы декабрь айында – И. Арабаевдин наамы берилип, И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик педагогикалык институту болуп өзгөргөн;
- 1994-жылы май айында – И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик педагогикалык университети;
- 2005-жылдын июнь айынанда – И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети (КМУ) болуп өзгөртүлгөн.

Ишеналы Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетибиздин мына ушундай 80 жылдык тарыхы бар жана ошондой эле 2022-жылы Канаданын Монреаль шаарында Эл аралык жетишкендиктерди изилдөө борбору тарабынан "Жылдын мыкты университети" деп табылган [1]. Азыркы күндө өлкөбүздүн алдыңкы 10 университетинин бири. Университетибизде институт, факультет жана колледждер бар. Мына ошол институттардын бири – мамлекеттик тил жана маданият институту. Бул институттун тарыхы да өзүнчө сөз кылууга арзыйт:

В.В. Маяковский атындагы Кыргыз кыз-келиндер педагогикалык институтунда 1952-жылы төрт кафедрадан турган филология факультети түзүлгөн. Мында улуттук мектептерде кыргыз тили мугалимдери, орус тилдүү мектептерде кыргыз тили мугалимдери жана дефектолог же табигый кемчилик менен төрөлгөн балдарды окутуучу мугалимдер даярдалган, мындан улам орус тили жана адабияты кафедрасы да түптөлгөн. Факультетте көрүнүктүү тилчилер, жазуучулар, методист-педагогдор иштешкен. Алардын атын атай кетсек: профессор К.К. Юдахин, И.А. Батманов, Л.Б. Батманова, В.М. Озмитель, Б.С. Щербаков, К.Х. Джидеева, С.Г. Шарафудинова, Е.М. Кузичова, С.М. Исаева, А. Эркебаев, О. Ибраимов, А.С. Кацев ж.б. Дал ушул факультетинин базасында 1987-жылы кыргыз филологиясы факультети ачылып, анда белгилүү окумуштуу-педагогдор С.Г. Шарафутдинов, В.М. Озмител, К.Х. Жидеева, Т.А. Шамергенова, О. Ибраимовдор жетектешкен, ал эми эмгектеген окумуштуу-педагогдор: С. Тентимишева, Ү. Култаева, Д. Салиева, К. Садыкова, Ш. Жапаров, А. Эркебаев, С. Ботоканова, С. Кайыпов, И. Абдувалиев ж.б.

И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетине караштуу Мамлекеттик тил жана маданият институту "Кыргыз Республикасында мамлекеттик тилди өнүктүрүү" программасын өркүндөтүү, аны ишке ашыруу максатында Кыргыз Республикасынын Президентинин 2000-жылдын 20-сентябрындагы УП № 268 Жарлыгы жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2001-жылдын 9-июлундагы № 326 Токтомунун негизинде И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик педагогикалык университетинин филология факультетинин базасында түзүлгөн. Мамлекеттик каттоо күбөлүгү 2001-жылдын 15-майындагы № 15369-3301 У-е, коду ОКПО 22717626, ГР №016951 сериясы менен алынган [2].

Мамлекеттик тил жана маданият институту Кыргыз Республикасынын Конституциясына, Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексине, Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндөгү” мыйзамына, “Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүү мекемелери жөнүндөгү” жобого, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин укук-ченем актыларына, И. Арабаев атындагы КМУнун Уставына жана институттун өзүнүн Уставына ылайык (Гпр №0080645 11.09.2007) [3] өз ишин баштаган, учурда мындай ишмердүүлүк учур талап кылгандай улантылууда.

Институтунун алгачкы директору (2001 – 2006) п.и.к., доцент (учурда филология илимдеринин доктору, профессор) Култаева Үмүт Баймуратовна. Ал институттун түзүлүшүнө же түптөлүшүнө чоң салым кошкон директорлордун ичинен жападан жалгызы деп айтууга татыктуу. Андан кийин (2006 – 2007) ф.и.д., профессор М.К. Жумаев, (2007 – 2008) ф.и.д., профессор К. Саматов, (2008 – 2009, сентябрь) ф.и.д., профессор М.К. Жумаев, (2009 – 2023) ф.и.к., доцент А.О. Дюшенбиева, 2023-жылы (июль айынан – декабрь айына чейин) директордун милдетин аткаруучу кызматка – ф.и.д, профессордун м.а. А.А. Эгембердиева келген, учурда, тагыраак айтканда, 2023-жылы ноябрь айында ф.и.д, профессордун м.а. С.С. Жумалиев директорлук кызматка дайындалып, ийгиликтүү иштеп жатат. Учурда бир бөлүм (эл аралык журналистика жана медиакоммуникация), төрт кафедра (кыргыз тили жана аны окутуунун технологиялары, кыргыз адабияты жана аны окутуунун технологиялары, кыргыз тили жана адабиятынын практикалык курсу жана манастаануу) иш жүргүзүп жатат.

Биздин эне тилибиз – кыргыз тилибиз. Ал биз үчүн улуу жана ыйык тил. Мына ушул тилде Манас атабыз ураан чакырып, эли-жерин коргоп келген; бабабыз Бакай накыл сөздөрүн айтып келген; Каныкей энебиз бешик ырын ырдап, кыз-келиндерге өз тарбиясын берип келген; деги эле адам баласы эненин ак сүтү менен бирге алдей ырын угуп чоңойдук. Ошондуктан да “дүйнөдө эч бир жандын энеге теңдеши жок” деп айтылып келет.

Кыргыз Республикасынын эне тили – кыргыз тили. Кыргыз тили – көрөңгөлүү тил. Ал тарыхтын байыркы түпкүрүнөн агып чыгып, нечендеген тоскоолдуктарга карабай, келечекти көздөй татыктуу жол таап, бүгүнкү күндө мамлекеттик тилге айланды. Ошону менен бирге эл тарыхынын, улут өмүрүнүн куну – эне тилинде, ошол кунду көтөрө алуу милдети улуттун улутман уул-кыздарында. Эл өмүрүнүн, улут тарыхынын куну болгон эне тилдин жүгүн көтөрө алуу, көтөрүп жүрүү көрүнгөн эле кишинин колунан келчүү иш эмес. Муну чаңы баскан, карт тарыхтын тагы баткан жашоо ыргагыбыз ачык көрсөтүп келе жатат жана ошол улуттун улутман уул-кыздарыбыздын арасынан эне тилин тандаган, ага өмүрүн арнаган белгилүү окумуштуулар бар [4, 773-778 бб].

Мамлекеттик тил жана маданият институту түзүлгөндөн бери бир топ жылдар өттү, канчалаган эне тилге өмүрүн арнаган окумуштуулар, жазуучулар, окутуучу-профессорлор эмгектеништи, кээ бирлери азыр да өз мындай милдетти жон-териси менен сезишип улантышууда. Алардын бир тобу бул дүйнөдөн өтүп кетишкен.



"Өмүр бизден өтүп кетсе, эл эмгектен эскерсин" дегендей И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетине караштуу Мамлекеттик тил жана маданият институтунда иштеп, бир топ ийгиликтерди жараткан илимпоз-педагог Ш. Жапаров азыр арабызда жок, болсо 90 жаштын чайын ичмек. Бирок окумуштуунун артында элине, кыргыз тилине калтырып кеткен баалуу эмгектери калды.

Профессор Шералы Жапаров 1989-жылдын октябрь айында Кыргыз кыз-келиндер педагогикалык институтуна доценттик кызматка келген. 1989-жылы Алма-Ата шаарында "Киргизская антропонимия" (10.02.06 – Түрк тилдери) деген темада докторлук диссертациясын ийгиликтүү коргоп, филология илимдеринин доктору илимий даражасына ээ болгон. 1990-жылы Кыргыз филологиясы факультетинде Кыргыз тили жана адабияты кафедра башчысы кызматын аркалаган. 1991-жылы профессор илимий наамын алган [5. Сыдыкова, 2016: 16-20]. Ошондой эле 1992-жылдары педагогикалык институтунда "Кыргыз тили" коомунун төрагасы болуп шайланып, кыргыз тили үчүн бир топ алгылыктуу иштерди жасап, мамлекеттик тилдин өнүгүп-өсүшүнө чоң салып кошкон инсадардын бири.

Филология илимдеринин доктору, профессор Ш. Жапаровдун ошол мезгилден бери өзү жана биргелешип жазган, жарык көргөн эмгектери бир топ. Алардын кээ бирлерин белгилеп кетсем:

✓ Адам аттары – эл байлыгы. – Бишкек: "Улуу тоолор".
2017. -488 б.

✓ Кыргыз тилчилери. 1-том. – Бишкек, 2004. -228 б.


✓ Кыргыз тилинин синонимдер сөздүгү (долбоор). –
Бишкек, 2015. -360 б. (авторл. – (Сейдакматов К.), Сыдыкова Т.).

✓ Кыргыз тилинин фонетикасы (окуу китеби, КР Билим берүү жана илим
министр. Грифи менен). – Бишкек, 2015. -175 б.

✓ Академик Орузбаева Бүбүйна Өмүрзаковна (биобиблиография). – Бишкек,
2016. – 93 б.

✓ Диалектологиялык практика боюнча методикалык колдонмо. -Бишкек,
2017. -52 б.

✓ Кыргыз тилинин диалектологиясы (окуу китеби, КР Билим берүү жана
илим министр. Грифи менен). – Бишкек, 2018. -192 б., ошону менен бирге бир канча окуу программалары жана илимий макалалары [5, 75-80 бб] жарык көргөн.


АКАДЕМИЯ НАУК КАЗАХСКОЙ ССР
ИНСТИТУТ ЯЗЫКОЗНАНИЯ

На правах рукописи

ЖАПАРОВ ШЕРАЛИ

УДК [illegible]

КИРГИЗСКАЯ АНТРОПОНИМИЯ

Специальность 10.02.06 — Тюркские языки

Автореферат
диссертации на соискание ученой степени
доктора филологических наук

Алма-Ата 1989

**Жыйынтык**. Жыйынтыктап айтканда, алгач училища →

институт → университет статусун алган окуу жайыбыз – өлкөбүндүн алдыңкы окуу жайларынын бири жана Эл аралык жетишкендиктерди изилдөө борбору тарабынан “Жылдын мыкты университети” деп да табылган окуу жай. Ошону менен бирге И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетине караштуу “Мамлекеттик тил жана маданият” институтун бир топ окумуштуу-педагогдор жетектешти, эмгектеништи, учурда кээ бирлерибиз эмгек кылып жатабыз жана кыргыз тили жана аны окутуунун технологиялары кафедрасынын профессору Ш. Жапаровдун университеттке, институтка жана илимге сиңирген эмгеги мамалекет тарабынан жогору бааланып, 2008-жылы “Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмери” [6] деген ардактуу наамга ээ болгон.

**Колдонулган адабияттар:**


1. **Кутбилим**. – Электрондык ресурс. Режим доступа: https://kutbilim.kg/ (дата обращения: 02.12.2025).
2. **И.Арабаев атындагы КМУ. Игиак**. – Электрондык ресурс. Режим доступа: http://arabaev.kg/igyak/ (дата обращения: 02.12.2025).
3. **И.Арабаев атындагы КМУ**. – Электрондык ресурс. Режим доступа: https://arabaevksu.edu.kg/ (дата обращения: 02.12.2025).
4. Сыдыкова Т.К., Сакиева Ж.А. **Эне тилге арналган өмүр** // И.Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы. — 2025. — 1/1. — С. 773–778. — Режим доступа: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=81023630.
5. Сыдыкова Т., Казыев Н. **Шералы Жапаров: Биобиблиография**. — Б.: 2016. — 130 б.
6. **Кыргыз Туусу**, 2008-ж., 11–13-ноябрь, № 85 (23277); Н № 2390; белгинин № 2457; 2008-ж. 05.11; ПЖ № 397.


**Рецензент: филология илимдеринин доктору, профессор Акынбекова А.У.**